## СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР

***Абдрашев А.Б., Аманкулова Т.К.***

# Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын реформалоонун айрым багыттары жөнүндө

XXI кылымдын эң приоритетт багыттарынын бири бул билим берүүнү өнүктүрүү экендигин көптөгөн эл аралык уюмдардын материалдарына, маалыматтарына таянып тастыктоого болот. Билим берүү бул адамзаттын өнүгүүсүндө жашап кетүүсүндө негизги шарт, олуттуу фактор болуп эсептелет.

Экономикалык жана социалдык мамилелер жаңыланып жаткан мезгилде Кыргызстандын эли жашоонун бардык тармактарында жаңы максаттарды көздөөгө тийиш. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамында «билим берүү системасы мамлекеттик саясаттын стратегиялык багыты болуп саналат» – деп белгиленген.

Мамлекет башчысы К.С.Бакиев 2009-жылдын 10-июнунда Кыргызстандын билим берүү системасынын Концепциясынын тезистери боюнча айткан сөзүндө «Атаандаштыкка туруштук бере ала турган билим берүү гана мамлекетти жаңы кырга алып чыга алат» - деп белгилеп жаткандыгы бул чындык.

Билим берүүгө мындай баанын берилиши бекеринен эмес, коомдогу негизги байлык – бул адам. Дүйнөлүк өнүгүүдөгү туруктуу тенденциялар билим берүүдөгү айрым мамилелер менен мүнөздөлөт, аларга төмөнкүлөр кирет:

- кеңири түшүнүктөгүсү – адамзаттын жашап кетүү зарылчылыктары;
- коомдун социалдык катмарларынын көп түрдүүлүгү, бул жагы коомдук өнүгүүнүн жаңы этабында күзгүдөн чагылгандай эле көрүнүп калды;
- адамдардын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон керектөөлөрдүн көп кырдуулугун моюнга албоого мүмкүн эместиги, ойлоонун жыйындысы жана дүйнө таанымы;
- билим берүүнү чындоого, идеялардын булагы катары саясий чечим, аракеттерди кабыл алуу жоопкерчилиги өсөт;

Өлкөнүн өнүгүү деңгээли түздөн-түз атуулдардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүк деңгээлинен көз каранды. Бүгүнкү күндө билим берүү – дүйнөдөгү коомдук өнүгүүнүн артыкчылыктуу көрсөткүчтөрүнүн бири болуп калды. Билим алуу, адамдын бүтүндөй өмүрүнүн агымында өз билимдерин жаңылантып туруусу – бүгүнкү ыкчам өнүгүп, барган сайын глобалдашып бараткан дүйнөдө – инсандын материалдык жана руханий байлыгын камсыз кылуучу негизги тетигине, билим берүүнүн чечүүчү максаты менен талабына айланып отурат.

Атуулдук патриот, активдүү (чыгармачылык мамиле жасоо менен ар түрдүү кырдаалдан чыгууга жол издеген, курчап турган чөйрөнү жана өзүн өзгөртүү менен мамиле жасаган сапатка ээ болгон), толеранттуу, жогорку этикалык деңгээлдүү, ийкемдүү, эмгекчил, өз алдынча чечим чыгарууга жөндөмдүү, алган билимин практикада колдоно алган, коммуникабелдүү, инициатор, окууну каалаган жана бүткүл жашоосунда өзүн-өзү өркүндөткөн сапатка ээ болууга багыт алган атуулду даярдоо билим берүүнүн негизги маселесинин бири.

Коомдо демократиялык системалардын, анын ичинде билим берүүнүн өнүгүшүндө негизги принциптер болоору белгилүү.

Ал принциптерге төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: билим берүү системасын демократиялаштыруу; сапаттуу билим алуу, б.а. ар бир адам өзүнүн социалдык абалына, жынысына, улутуна жана рассасына карабастан, мамлекеттин негизги мыйзамындагы нормаларга негиздеп, ар түрдүү деңгээлдеги сапаттуу билим алууга укуктуу;

борборлоштурулбаган, окуу мекемелерине өлкөнүн бардык аймагында шарт түзүү менен жергиликтүү бийликтерде жоопкерчиликти жогорулатуу; билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жана билим берүү жумушуна бүтүндөй коомчулуктун көңүлүн буруу; билим берүү мекемелеринин өз алдынчалуулугун, билим берүүнүн сапатын дүйнөлүк стандартка жетиштирүү; адамдын белгилүү этапта алган билимин улам кийинки этапта татаалдануусуна, жогорулатуусуна жетишүү; Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын дүйнөлүк мейкиндикке чыгуусуна жетишүү.

Өткөн кылымдын акыркы он жылдыгы жана жаңы кылымдын он жылдыгы, бул улуттун билим берүү системасындагы бир катар реформалануу процесстери болгондугу менен мүнөздөлөт. Көпчүлүк өлкөлөр билим берүү системасында жаңылануууга умтулуу менен тескерисинче жараланып алган учурлары дагы бар. Кыргыз Республикасында бул багытта демократиялык башталышта жаңылануууга умтулууда. Бул процессте эң негизги ролду мамлекеттик билим берүү тармагындагы саясат ээлейт.

Коомдук өнүгүүнүн кийинки этабында айыл менен шаардын айырмасы тереңдеп келет. Айыл жериндеги билим берүүнүн деңгээли өтө кейиштүү, окуу-усулдук адабияттар жана ММК менен байланыштар начар, фундаменталдык предметтерден мугалимдер жетишпейт (математика, физика, химия ж.б.), орус тили, чет тилинен айылдык балдардын өтө аксагандыгын көрөбүз. Ошондуктан да ЖОЖго тапшыруу кезинде дагы, айылдык абитуриенттер мобилдүү боло алышпайт. Мунун көптөгөн обьективдүү, субьективдүү себептерин атоого болот, жыйынтыгында кирүү экзамендеринен өздөрү каалаган же айыл үчүн зарыл болгон кесиптерге өтпөй калышат.

Азыркы учурда билим берүү системасындагы айлык акынын өтө төмөн болушунан, материалдык техникалык базанын эскиргендигинен, коррупция жөнүндөгү маалыматтар жайылууда. Бул элдин ишенимин төмөндөтүү менен, бүтүндөй билим берүүнүн кадыр-баркына шек келтирүүдө.

Ушундай учурда сөзсүз билим берүүнү реформалоонун актуалдуулугу келип чыгат. Бул өзгөрүүлөр мамлекеттик деңгээлдеги КРдин билим берүү доктринасында билим берүүнүн милдеттери, максаттары (2025-жылга чейинки) чагылдырылган.

Кыргызстанда, реформанын негизги максаты - билим берүүдө эффективдүү, өзүн-өзү өнүктүрүүчү, өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн көтөрүүчү жана туруктуу өнүгүүнү камсыздоочу системаны түзүү. Бул – адам ресурстарын жаратуу, кадрлар менен камсыздоо, инсандын өнүгүүсүндө билим алууга болгон талаптарын канааттандыруу болуп эсептелет.

Демек, 2009-жылы, Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн эрезеге жеткен 18- жылында билим берүүнү реформалоо мамлекеттик деңгээлге коюлуп, өлкөнүн президенти К.С.Бакиев жылдын июнь айында КРнын билим берүү системасын реформалоонун Концепциясын сунуш кылып олтурат.

Республикабыздын билим берүүсүндөгү кошуналардан өзгөчөлөнгөн айырмасы демократиялык принциптерди туу тутуп, рыноктук экономиканын таламдарына эртерээк кадам шилтөө менен өзүн-өзү башкаруу принциптерине өткөндүгүндө. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-95-беренелеринде «жергиликтүү кеңештер аймактык өнүгүү программасынын жоопкери» - деп көрсөтүлгөн. Биздин мамлекеттин билим берүүнү реформалоо саясаты өз максатында, адамдык байлыктын өсүүсүн көздөйт. Андыктан биздин коомдук түзүлүшүбүздөгү мындай уникалдуу мүмкүнчүлүктү мыйзамдуу, туура пайдалануу менен ар бир регион өзүнө керектүү кадрларды (мугалимдиктен башка деле) келечектүү жаштарга жолдомо берип, максаттуу даярдабаса, мурдагыдай эле борборду карап олтургандан, алардын проблемасын эч ким чечип бербейт.

Кыргыз Республикасындагы билим берүү реформасы акырындык менен өнүгө турган улуттук долбоор. Анын эң башкы шарты - финансылоо проблемасын чечүү. Буга бардык деңгээлде финансылык транспаренттүүлүк менен камсыздоо; окуучуларды финансылык колдоо, студенттик жаштардын кредиттерин мамлекеттен институциализациялоо, ошондой эле

билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде кредиттик-гранттык механизмдерди киргизүү, билим берүүнүн аймактык жана муниципиалдык фонддорунун өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маселелери кирет.

Кыргызстандык окумуштуулар туура белгилегендей инсанга багытталган билим берүүгө өтүүнү ишке ашырууда, билим берүүчү окуу жайлардын көп түрдүү типтерин, түрлөрүн жана окуу программаларын адистиктерди тандоо мүмкүнчүлүктөрүн базар экономикасы менен байланыштуу, заманбап керектөөлөргө ылайык уюштуруу зарыл.

Кыргызстандын билим берүүсүнүн өнүгүүсүндө чагылдырылган 2002-жылдан 2010-жылдарга чейинки мезгил, мурунку болуп келген иштерди белгилүү бир жыйынтыктоочу чек болуп калды. Билим берүү системасындагы акы төлөө ыкмасы базар экономикасы түрткү болду. Албетте өлкө ичинде да, эл аралык мейкиндикте дагы олуттуу коомдук үзгөрүүлөр жүрүүдө. Бул өзгөрүүлөр өзгүлтүксүз билим берүүгө жана натыйжалуу окутууга карата ийкемдүү мамиле жасоону талап кылат. Адам ишмердигинин бардык тармактарындагы кырдаал улам барган сайын ачык- айкын болуп, ал эми улуттук билим берүү системалары дүйнөлүк билим берүү системасынын тармактарына улам көбүрөөк тутамдашып (интеграцияланып) баратат. Билим берүү системасын реформалоодо, жаңы максаттарды аныктоонун зарылдыгы көрүнүүдө.

Кыргызстанда башкаруунун өз алдынчалуулугуна өтүү процесси жүрүүдө. Өкмөттүк эмес уюмдардын таасири, билим берүүдө да кулачын жаюуда, айрыкча калктын аз камсыздоого туш болгон катмарында жүргүзүлгөн иштер боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүшүндө көрүнүктүү салымы бар эл аралык уюмдарды, фонддорду белгилеп кетүүгө болот. Алар: ПРООН, ЮНИСЕФ, ЮНЕСКО, АБР, ВБ, Сорос-Кыргызстан фонду. Мисалы, ЮСАИД каржылап жаткан беш жылдык долбоор (2007-2012) англис тилинде «Quality Learning Project» деп аталып, ал Кыргызстанда «Сапаттуу билим» деген аталышта иш жүргүзүүдө. Бул долбоор: педагогикалык кадрларды даярдоонун; кайра даярдоонун жана алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун сапатын жакшыртуу; окуучулардын жетишүүсүн баалоонун механизмдерин жакшыртуу; мугалимдерди куррикулумду мыктылоо процессине катыштыруу жана мектептерди каржылоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу - деген төрт компоненттен турат.

Долбоорду жүзөгө ашырууда тренерлердин кыдырып иштөөчү тобун (ТКТ) түзүү каралган. Бул топко Кыргыз билим берүү академиясынын өкүлдөрү, кесиптик чеберчиликти жогорулатуу институттарынын жана мугалимдерди даярдоочу ЖОЖдордун окутуучулары, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн усулчулары, усулдук бирикмелердин жетекчилери, көз карандысыз эксперттер жана тренерлер кирет. ТКТ окутуунун инновациялык усулдары боюнча, окуучулардын жетишүүсүн баалоодогу заманбап ыкмаларды ишке киргизүү боюнча ЖОЖдордун окутуучулары жана чеберчиликти жогорулатуу институттарынын, ЖОЖдордун окутуучулары үчүн, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн усулчулары үчүн, усулдук бирикмелердин жетекчилери жана мектеп жетекчилери үчүн тренингдерди өткөрөт.

Билим берүү системасынын эң биринчи баскычы – бул мектепке чейинки билим берүү. Мектепке чейинки билим берүү мекемелери кенже жаштагы балдардын ар тараптан өнүгүүсүн, социалдык чөйрөгө ыңгайланып, мектепке даярдануу маселелерин чечүүсү зарыл. Албетте, кенже жаштагы балдарды өнүктүрүү программаларынын, мамлекеттик мектепке чейинки мекемелеринин жетишсиздиги, альтернативдик технологиялардын начар өнүгүшү, менчик мектепке чейин билим берүү мекемелеринин начар өнүгүүсү, мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүүсүн кечиктирет.

Биздин оюбузча келечекте, мектепке чейинки билим берүү реформасы, реконструкциясы орточо мөөнөттө билим берүү системасынын негизги багыттарынын бири болот. Балдарга билим берүүдө алардын ден соолугуна, материалдык абалына, өнүгүү деңгээлине көз карандысыз ийкемдүү реакция жана мониторингде усулдук иштелмелерди иштеп чыгуу керек.

Бул багытта төмөнкүлөр аткарылышы зарыл:

- үй бүлөдө, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде тарбияланган балдардын психофизикалык, интеллектуалдык, социалдык өнүгүүсүнө альтернативдүү программалардын таасири жана кызматы;
- аймактардын климаттык шарттарын эске алуу менен балдардын ден соолугун жана физиологиялык жетишкендиктерин бекемдөө;
- тиешелүү мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу жана жайылтуу;
- балдардын бардык жашындагы керектүү өнүгүү деңгээлин оптималдаштырууну аныктоо;
- педагогикалык процесстерди гуманизациялоо;
- балдарды тарбиялоодо дүйнөлүк тарыхый эпос «Манас», кичинекей эпос «Курманбек», жомоктор, мифтер, тамсилдер, макалдар элдик педагогиканын элементтерин, кыргыз элинин, Кыргызстанда жашаган этникалык улуттук группалардын каада-салттарын бардык жерде колдонуу.

Республикада 2006-жылы 54 миң кишиден турган контингент менен 448 мектепке чейинки билим берүү мекемелери иштеп турган. Мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүү максатында мектепке чейинки билим берүү боюнча мамлекеттик стандарты иштелип чыгып, КРнын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген. Мектепке даярдоо программаларына кенже мектеп жашындагы балдарды камтууну кеңейтүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлдү. Мектепке чейинки даярдыктын бардык формалары менен 40 миң 1-класстар камтылды, бул өткөн жылдардагыдан 10 миңге көп. Кыргызстанда Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» мыйзамын иштеп чыгуу бышып жетилди деп ойлойбуз.

Билим берүүнүн башкы сектору болуп, мектептеги билим берүү эсептелет. 2006-жылы орто билим берүү системасында 1 млн. 133 миң 223 окуучуну камтыган 2079 массалык билим берүү мекемелери, ошондой эле республикага баш ийген жетим балдар үчүн 22 билим берүү мекемелери, андан сырткары республикада 7720 мектеп окуучуларынын контингентин түзгөн менчик жана мамлекеттик менчиктеги 38 билим берүү мекемелери иштейт. Ошондой эле 14 мамлекеттик-менчик Кыргыз-түрк лицейлери «Себат» билим берүү мекемелеринде 3727 киши билим алат.

Мектепте билим берүү системасында көп чечилбеген проблемалар жана кемчиликтер кездешет, аларга эч кандай нормативдик документтерде каралбаган ата-энелерден каражат чогултуулар кирет. Жалпы билим берүү мектептеринде, окутуу акы төлөп жүргүзүлгөн чыгармачыл класстар активдүү түзүлүүдө. Коммерциялык класстардагы окуучулардын камсыздалышы башка окуучулардын укуктарынын тебеленип-тепселиши менен айкалышып, бир эле окуу жайындагы окуучулардын материалдык абалына жана социалдык статусуна карата бөлүнүп калышына шарт түзүлөт. Калктын социалдык жактан аз камсыз болбогон катмарынын балдарынын билим алууга болгон мүмкүнчүлүгү кыскарат, бул мектептеги билим берүү системасындагы коррупциянын өсүшүнө алып келет.

Мектепке барбаган балдар чоң проблеманы түзөт, мындай категориядагы балдардын санын статистикалык отчеттун негизинде 1999-жылы 2484 бала түзсө, ал эми 2006-жылы бул сан 1619га чейин кыскарган. Мектепке барбоонун негизги себептерине үй-бүлөдөгү материалдык кыйынчылыктарга байланыштуу балдардын эмгек жолун эрте баштоосу, мектептердеги түзүлгөн начар шарттардын негизинде баланын өзүнүн окугусу келбегендиги, ата-энелердин балдарынын билим алуусун каалабагандыгы кирет.

ЖОЖдордун, студенттердин санынын көптүгү, окутуучулар курамынын сапатынын начарлыгы, билимдин начар экспорттолушу, студенттердин тарбиясы, экономикалык анализдин сапатсыз жүргүзүлүшү билим берүү системасын реформалоону артка тартууда.

Билим берүү системасындагы жөнгө салынбай турган көйгөйдүн бири бул – башкаруу. Башкаруу системасы өткөн чакта ийгиликтүү болгону менен азыркы учур үчүн талапка жооп

бербейт. Ошондуктан айрым билим берүү мекемелеринде башкаруунун эффективдүүлүгүн бир топ актуалдаштыруу зарыл.

Базар шартына өтүүдө атуулдук (граждандык) коомдун калыптануусунда коомдук-мамлекеттик башкарууну калыптандыруу жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун ролун күчөтүү зарылдыгы турат. Тилекке каршы, сапаттын деңгээлин так аныктоого кепил болуучу ишенимдүү механизмдер жок. Бүгүнкү күндөгү текшерүүнүн формалары лицензиялоо, аттестациялоо, биздин оюбузча сапатка кепилдик бере албайт. Кайрадан эле айрым мектеп, ЖОЖдордогу аттестат, дипломдордун талапка ылайыксыз болушуна жол берилип келе жатат.

Дагы бир татаал маселелердин бири мамлекет билим берүү мекемелерин толук каржылай албагандыктан, бюджеттик эмес каржылоо булактарын издөөгө туура келет. Мында ченемдик-укуктук базаларда жол берилбегендиктен кошумча каражаттарды эффективдүү пайдалануу жагы да аксоодо.

Дагы бир көйгөйлүү маселе мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин санынын кескин кыскарып кетиши.

Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик принциптерин калыбына келтирүү максатында атайын «мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзам даярдалып, 2009-жылы кабыл алынды. Мындан тышкары бул тармактагы мекемелер инвентаризациядан өткөрүлүп, сатылган же менчиктештирилген, башка профилге өтүп кеткендеринин саны такталып, башкы прокуратурага өткөрүлүп берилди

Негизги көйгөйлөрдүн бири - окуу программаларынын эски боюнча кала берүүсү болууда. Акыркы жылдардагы глобалдуу маалыматтык мейкиндиктин өсүү шартында маалыматка чаңкоо өсүүдө. Базар мамилелеринин таасири менен билимдердин азыгынын көлөмү кыйла өсүүдө, сынчыл баалоолор жана аналитикалык чыгармачыл ойлонуулар ж.б.у.с. Ошого байланыштуу адистешүү, ыкташуу зарылдыгы туулат, максатка ылайыктуу айрым өтүлүүчү сабактардын татаал бөлүмдөрү жогорку класстарга которулат.

Ошондой эле билим берүүдө мурдатан уюштурулуп келген мектеп мугалимдерин, ЖОЖдордун окутуучуларын кайра даярдоо жана илим билимин өркүндөтүү өнүктүрүлбөй келет. Ушул тармакты кайрадан карап чыгып, калыбына келтирип, өркүндөтүү зарыл.

Мектептерди педагогикалык адистер менен камсыздоо маселеси ар бир айыл өкмөтүнүн тикеден-тике аткаруучу милдетине жана жыл ичиндеги ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчүнө айланууга тийиш.

Учурдагы мугалим адистерди даярдоо системасынын жана эффективдүүлүгүнүн сапаты жана билим берүү мекемелери менен органдын ортосундагы иш-аракеттин жоктугу, мектепке ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн жарымы гана барып иштеп жаткандыгы, фактылардын конституциясы катарында каралат. Мугалимдердин социалдык жактан камсыз болбогондугу, мектептердин педагогдор менен толукталышына тескери таасир этет. Ушуга байланыштуу «Жаш мугалимдердин депозити» программасынын реализациялануусу жакшы саамалык болуп эсептелет. 2006-жылы ЖОЖдун 700 бүтүрүүчүсү «Жаш мугалимдин депозити» конкурсунун жеңүүчүлөрү болгон.

Коюлуп жаткан маселе мугалимдерди даярдоо жоопкерчилигин башкалардын мойнуна арта салуудан, же жогорку окуу жайларынын казынасы толбой жаткандыгынан келип чыккан жери жок. Керектүү сумманы башка адистиктердин эсебинен жыйнап алуу мүмкүнчүлүктөрү аларда толтура. Түшүнгөн кишиге, сөздүн төркүнү агартуу системасында орун алган кырдаалды тез арада, мындан да кеч болуп кала электе жөнгө салууда болуп жатат.

Мектептерди окуу китептери жана адабияттар менен камсыздоо эң көйгөйлүү маселелердин бири. Бул маселени чечүү же болбосо жеңилдетүү үчүн акыркы жылдарда чечкиндүү аракеттер болду. Ар түрдүү финансы булактарынын каржылоосу менен (ЦФСБ, Бүткүл дүйнөлүк банк, арендалык каражаттар) 67 аталыштагы жалпы тиражы 1 млн. 193 миң сомдук 397 нускада окуу китеби чыгарылган жана сатылып алынган. Учурдагы 23 аталыштагы тиражы 1 млн. 328 миң сомдук 410 нускадагы окуу китептерин басмадан чыгаруунун үстүндө

жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар окуу китептери менен камсыз болууну 74 %тен 85 %ке көбөйтөт.

Ошону менен бирге эле, Бүткүл дүйнөлүк банктын «Айылдагы билим берүү» долбоорунун рамкасында жүргүзүлгөн окуу процессинин адабияттар менен камсыз болушу боюнча жүргүзүлгөн анализ, жер-жерлердеги мектептердин окуу китептери менен камсыздалышы жогорудагы көрсөткүчтөн бир топ жогору экендигин көрсөтөт.

Азыркы учурда тесттик сынакка өтүү колго алынган. Тестирлөө жана кредиттештирүү – институттарын киргизүүнүн өзү – бул дүйнөлүк билим берүү системасына сүңгүүнү (интеграция) мүнөздөйт. Эң татаал көйгөйлүү маселелердин бири көз карандысыз тестирлөө кызматын түзүү б.а. бирдиктүү тестирлөөнү өткөрүү. Дүйнөлүк интеграцияга кошулуу Кыргыз Республикасынын дипломдорун башка өлкөлөрдө таануусу, билимин баалоосу, адис катары эсептөөсү менен мүнөздөлөт.

2006-жылы Кыргыз Республикасында жогорку жана профессионалдык билим берүү тармагында 114 окуу жайы иштеген, алардын ичинен 47 негизги окуу жайлары, 41 структуралык бөлүктөр юридикалык статусу бар, республикадагы ЖОЖдордун 16 филиалы, чет өлкөлүк жана биргелешкен ЖОЖдордун 10 филиалы болгон. Билим берүү системасындагы потенциалды оптималдуу колдонуу алкагында жүргүзүлгөн иш-чаралардын негизинде окуу жайларынын саны кыскарган. Контрактык негизде ЖОЖго кабыл алуу 47 миң студентке кыскарды. 2006-жылдын апрель, май айларында билим берүүнү оптималдаштыруу жана сапатын көтөрүү максатында, ЖОЖдордун лицензиялык талаптарга жана экономикалык, юридикалык, медициналык адистерди даярдоонун сапатын текшерген комплекстик текшерүү өткөрүлдү. Бул жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгында көпчүлүк мамлекеттик жана менчик ЖОЖдордо КРдин «Билим берүү» мыйзамын бузган билим берүү областындагы нормативдик-укуктук актылар, мамлекеттик билим берүү стандарттары, лицензиялык талаптардын нормативдик көрсөткүчтөрү боюнча бир топ фактылар аныкталды жана 27 ЖОЖдун лицензиясы токтотулду.

Болонья процессинин принциптерин жайылтуу боюнча жумуштар улантылууда, 2007-жылы Лондондо Болонья процесси боюнча Европа өлкөлөрүнүн катышуусу менен өткөрүлгөн билим берүү министрлеринин Болонья декларациясына кол коюшу министрликтин колдоп чыгуу демилгеси билим берүү кызматтарын кеңейтүүгө жана эл аралык мекемелердин инвестицияларын өзүнө тартууга алып келди.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү» боюнча мыйзамдарынын 47-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик окуу жайларын жоюу жана акционердик коомго өткөрүү» жөнүндөгү буйрутмасы иштелип чыккан жана бүгүнкү күндө иштеп жатат.

Орто кесиптик билим берүү системасына жүргүзүлгөн анализ, учурда орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим берүү тармактарын кеңейтүүгө суроонун кескин көбөйүшүнө алып келгендигин көрсөтөт.

Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасынын абалына жүргүзүлгөн анализден, төмөнкү факторлорду бөлүп алсак болот. Билим берүү системасы толук ишке ашырбаган приоритеттердин ичинен: негизги кемчилик катарында лицензиялоо жана аттестациялоо боюнча нормативдик-укуктук базанын эскиргендиги, кээ бир нормативдик актылардын билим берүү областындагы мыйзамдарга түздөн-түз каршы келиши.

Мамлекеттик билим берүү стандарттары моралдык жактан эскирген, адистерди даярдоонун сапаты жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына туура келбейт. Чындыгында, проблемалардын катарына билим берүү кызматтарынын өз наркын киргизсе болот, себеби бул ЖОЖдогу окутуунун баасына туура келбөөчү билим берүүнүн сапатын камсыз кылат, ошону менен бирге мамлекеттик билим берүү грантынын (5-8 миң сом) деңгээлинин төмөндөшүн жана бюджеттик бөлүмдөрдөгү окуу процессинин сапаттык реализациялоосун камсыздагандыгы финансылык бузулууларга алып келет.

Демек, билим берүү системасына болгон анализ проблемаларды гана чечпестен, келечектеги анын өнүгүүсүнүн перспективаларын да көрсөтөт. Кыргыз Республикасындагы билим берүү багытындагы мамлекеттик саясат, демократиялык принциптерге негизделет, кыска убакыттын ичинде реформалоонун жыйынтыктоочу этабына өтүп, дүйнөлүк билим берүү процессине кирүүгө алып келет.

***Адабияттар***


1. *Бакиев К.* "В рамках реформы власти и управления мы создаем целый комплекс институтов" (программная речь) Источник - КАБАР13:40 01.09.2009 *Бакиев К.* Концепция реформы образования в Кыргызстане, представленная президентом страны 16:07, 10 июня 2009. http://www.for.kg/ru/news/89357/.
2. *Бактыгулов Ш.* О реформе образования. Интервью с BRS (Бишкекский пресс клуб) См.: http://www.bpc.kg/perspective/144-11-09-09
3. *Болджурова И.С.* История развития системы образования Кыргызской Республики в переходный период (1990-2005 гг.): дис. ... д-ра пед. наук : 13.00.01 Москва, 2006 256 с. РГБ ОД, 71:06-13/155 См. Электронная библиотека. См.: http://www.lib.ua-ru.net/diss/cont/158671.html
4. В Киргизии у 14 вузов отозваны лицензии.2009-12-18 18:37:12. См.: Электронная газета Студенческая Правда. **http://spravda.ru/news/6916.html**.
5. *Зеличенко А.* «Воровской закон» в школьной форме 18/05-2009 15:04, Бишкек – ИА «24.kg»
6. «Кут билим» гезити. 03.04.09 №12 (10328)
7. *Мусаев А.* В Кыргызстане разрабатывается стратегия образования до 2020 года. См.: 25/01/10 10:59, Бишкек – ИА «24.kg».
8. *Мусаев А.* В Кыргызстане за годы независимости создано много «карликовых» школ, которые не соответствуют стандартам образования 25/01/10 10:51, Бишкек –ИА «24.kg».


* * *